
**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2015-жылдын 2-чейреги ичиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөргө тиешелүү аналитикалык маалыматтар


Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматы боюнча 2015-жылдын 2-чейреги үчүн ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2014-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,1 пайызга көбөйүү менен 93,0 млрд сомду түзгөн (2014-жылдын 2-чейрегинде 8,9 пайызга көбөйүү байкалган). 2015-жылдын 2-чейрегинде реалдуу ИДӨнүн өсүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,5 пайызды (2014-жылдын 2-чейрегинде – 3,0 пайызды) түзгөн. Мында ИДӨ көлөмүнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр жай (3,9 пайыз), соода (0,7 пайыз), курулуш (0,7 пайыз) жана айыл чарба (0,3 пайыз) секторлору кошкон.

**1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы**




2015-жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасы аркылуу 882 633 төлөм өткөрүлүп, ал өткөн чейрекке салыштырмалуу 22,3 пайызга жогору болгон.


**2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)**




Банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү өткөн чейрекке салыштырганда 6,3 пайызга азаюу менен 379,9 млрд сомду түзгөн (2 график). Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча төлөмдөрдүн багыттоо түрлөрү боюнча көлөмүнүн динамикасына талдап-иликтөөлөр, банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшү негизинен банктык операциялар боюнча төлөмдөр көлөмүнүн 17,2 пайызга төмөндөшү, анын ичинде автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу (баалуу кагаздар менен, кредит жана эл аралык валюта менен операциялар) операциялар боюнча 24,3 пайызга азаюусуна байланыштуу болгонун көрсөткөн.

Отчеттук мезгил ичинде багыттоо түрлөрү боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү олуттуу өзгөрбөстөн, төмөнкүдөй түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар 80,5 пайызды түзүп, негизги үлүшкө ээ болгон, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 12,8 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдер жана милдеттенмелери боюнча төлөмдөрү 6,7 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө кириш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 49,2 пайызды, ал эми чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 39,9 пайыз чегинде калыптанган, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр 10,9 пайызды түзгөн.

**3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн. сом)**




* 2013-жылдын сентябрынан баштап методологияга өзгөртүлгөн мамиленин негизинде эсептелген көрсөткүчтөр көрсөтүлгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жүгүртүлүшүнүн номиналы боюнча суммардык көрсөткүч 2015-жылдын 2-чейреги ичинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 14,1 пайызга көбөйүү менен 48,6 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда бул көрсөткүч 31,2 пайызга төмөндөгөн). Активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөрдүн 46,3 пайызга өсүшү мунун негизги себебинен болгон, мында гросстук транзакциялар 58,0 пайызга, ал эми клиринг төлөмдөрү 2,1 пайызга көбөйгөн. 2015-жылдын 2-чейрегинде мамлекеттик бюджетке каралган төлөмдөрдүн өсүшү 19,2 пайызды түзгөн, бул өткөн

жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда бюджеттин киреше бөлүгүнүн деңгээлинин жогорулашынан улам келип чыккан (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда өсүш 35,8 пайызды түзгөн). Ошентип, 2015-жылдын 2-чейрегинде бюджеттин жалпы кирешеси 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырмалуу 36,3 млрд сомду түзүү менен 37,4 пайызга же 9,9 млрд сомго көбөйгөн.


Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы 2015-жылдын 2-чейреги ичинде, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 4,6 пайызга же 1,4 млрд сомго көбөйүү менен 32,2 млрд сомду түзгөн (3-график). Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасынын көбөйүшү эмгек жана товарларды сатып алууга жана кызматтарды пайдаланууга кеткен чыгашалардын жогорулашы менен шартталган. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде банктар аралык төлөм системасы аркылуу жүзөгө ашырылган мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 2,5 пайызга көбөйгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 22,8 пайызга төмөндөгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2015-жылдын 2-чейреги ичинде 97,2 пайызды түзгөн жана 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,5 пайызга азайган (2014-жылдын 2-чейрегинде кайтарымдуулук 97,7 пайыз чегинде калыптанган).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн нак акчанын жылышы

| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн *(млн. сом)* | | Берилген *(млн. сом)* | | Кайтарымдуулук *(пайыздар)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2014-жыл II чейреги** | **2015-жыл II чейреги** | **2014-жыл II чейреги** | **2015-жыл II чейреги** | **2014-жыл II чейреги** | **2015-жыл II чейреги** |
| Бардыгы | 242 197,2 | 249 392,2 | 247 876,0 | 256 493,9 | 97,7 | 97,2 |
| Бишкек шаары | 121 304,3 | 118 217,5 | 117 450,0 | 118 423,8 | 103,3 | 99,8 |
| Баткен облусу | 12 382,8 | 12 787,8 | 12 766,6 | 13 029,0 | 97,0 | 98,1 |
| Жалал-Абад облусу | 24 509,9 | 26 292,0 | 28 633,6 | 28 813,9 | 85,6 | 91,2 |
| Ысык-Көл облусу | 10 256,1 | 11 795,2 | 11 543,8 | 12 748,8 | 88,8 | 92,5 |
| Нарын облусу | 4 446,0 | 5 231,0 | 5 337,2 | 6 165,1 | 83,3 | 84,8 |
| Ош шаары | 33 761,3 | 33 140,0 | 34 763,7 | 34 032,8 | 97,1 | 97,4 |
| Ош облусу | 11 102,2 | 12 919,6 | 11 646,9 | 13 377,3 | 95,3 | 96,6 |
| Талас облусу | 4 821,5 | 5 346,8 | 6 146,5 | 6 227,2 | 78,4 | 85,9 |
| Чүй облусу | 19 613,1 | 23 662,3 | 19 587,7 | 23 676,0 | 100,1 | 99,9 |




2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 2015-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун өсүшү республиканын төмөнкү региондору боюнча жүргөн, алсак:

- Ысык-Көл областы боюнча 3,7 пайызга;
- Нарын областы боюнча 1,5 пайызга;
- Ош шаары боюнча 0,3 пайызга;
- Ош областы боюнча 1,3 пайызга;
- Талас областы боюнча 7,5 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 5,6 пайызга.

Бишкек шаары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 3,5 пайызга жана Чүй областы боюнча 0,2 пайызга төмөндөгөн.

2015-жылдын 2-чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү 99,9 пайыз чегинде Чүй областында жана 99,8 пайыз чегинде Бишкек шаарында катталган, ал эми анын эң төмөнкү көрсөткүчү Нарын областында 84,8 пайыз чегинде калыптанган (6-график).


2015-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчанын суммасы 249 392,2 млн сомду түзгөн, анын 2014-жылдын ушул эле чейрегине салыштырмалуу 3,0 пайызга көбөйүшү байкалган.

Төмөндө 2015-жылдын 2-чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчалардын негизги булактары боюнча маалыматтар келтирилген:


- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 102 670,4 млн сом чегинде, көбөйүү 8,0 пайыз чегинде калыптанган (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 95 018,4 млн сом);
- товарларды сатуудан – 17 675,8 млн сом чегинде, көбөйүү 1,4 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 17 435,3 млн сом);

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассирлөөдөн – 23 106,6 млн сом чегинде, көбөйүү 20,7 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 19 147,2 млн сом);
- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруудан – 20 199,5 млн сом чегинде, азаюу 3,1 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 20 855,6 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдөн жана аткарылган иштерден – 17 894,8 млн сом, азаюу 7,9 пайыз чегинде катталган (2014-жылдын 2-чейреги үчүн – 19 435,3 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан – 21 699,8 млн сом, азаюу 20,2 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 27 209,6 млн сом).

**5-график. 2014-жылдын 2-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына түшүүлөрдүн негизги булактары (млн. сом)**




**6-график. 2015-жылдын 2-чейреги ичинде ком. банктардын кассаларына түшүүлөрдүн негизги булактары (млн. сом)**




<u>Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча</u> 2015-жылдын 2-чейреги ичинде 256 493,9 млн сомду түзгөн, бул 2014-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 3,5 пайызга жогору.


2015-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 100 704,3 млн сом берилген, көбөйүү 8,6 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 92 692,1 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөргө 10 663,5 млн сом берилген, көбөйүү 8,9 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 9 791,6 млн сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 35 983,0 млн сом берилген, көбөйүү 24,6 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 28 867,4 млн сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 19 969,4 млн сом берилген, азаюу 2,7 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 20 517,1 млн сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 2 684,1 млн сом берилген, азаюу 15,8 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 3 189,5 млн сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга 37 864,7 млн сом берилген, 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда азаюу 11,8 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде – 42 946,7 млн сом).
- эмгек акыларды төлөөгө 4 150,0 млн сом берилген, азаюу 19,4 пайызды түзгөн (2014-жылдын 2-чейреги ичинде эмгек акыларды төлөөгө 5 149,8 млн сом берилген).

**7-график. 2014-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**




**8-график. 2015-жылдын 2-чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**



**3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү**

- **Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы**

Улуттук банк, 23 коммерциялык банк жана алардын 317 филиалы Пакеттик клиринг системасынын (мындан ары - СПК) катышуучулары, ал эми «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК – адистештирилген катышуучусу болгон.

2015-жылдын 2-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **24 083,4 млн сом** чегинде катталып:


- өткөн чейрекке салыштырганда 23,6 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 4,5 пайызга азайган.

2015-жылдын 2-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **805 912** төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 21,9 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2,4 пайызга азайган.

Мындай төмөндөө бир гана сезондук фактор менен эмес, ал негизинен Социалдык фонд башка банктын тейлөөсүнө өткөндүгүнө байланыштуу клиринг аркылуу жүргүзүлгөн банктар аралык төлөмдөр банктын ички төлөмдөрү катары жүргүзүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**




- **Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы**


2015-жылдын 2-чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **355 840,8 млн сомду** түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 7,8 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 12,7 пайызга азайган.

Бардыгы болуп айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - эсептешүүлөрдүн гросстук системасы) аркылуу 2015-жылдын 2-чейреги ичинде 76 **721 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 26,5 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 18,7 пайызга көбөйгөн.

**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**





- **Банктык төлөм карттар рыногу**

2015-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 23 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, анын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 19 банк эл аралык төлөм системасынын карттарынын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.


*Банктык төлөм карттар эмиссиясы*

2015-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **1 045,8** миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 7,1 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 31,2 пайызга өскөн.

11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны




12-график. 2015-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча областтардын жүгүртүүдөгү карттарынын жалпы саны (миң)




Төлөм карттарынын түрлөрү төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:

- **<u>Эл аралык системалар</u>** **<u>774 559 (74,1%):</u>**
  - «Visa» 344 090 (32,9%);
  - «Master Card» 6 175 (0,6%);
  - «Золотая корона» (Россия) 420 465 (40,2%);
  - « Union Pay International» 3 869 (0,4%);
- **<u>«Элкарт» улуттук системасы</u>** **<u>271 251 (25,9%).</u>**


*<u>Банктык төлөм карттар эквайринги</u>*

2015-жылдын 2-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санын система түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:


– «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 442 банкомат жана 1 580 терминал;
– Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 290 банкомат жана 2 184 терминал (ошондой эле Элкарт улуттук карттарын кабыл алышат);
– «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча - 342 банкомат, 1 584 терминал.

Жалпы алганда, банктык төлөм карттар республиканын бардык аймагында орнотулган **1 074 банкоматта жана 5 348 терминалда** тейлөөгө алынган (жылдын баш жагына салыштырганда банкоматтардын саны 7,6 пайызга же 76 банкоматка, ал эми терминалдардын саны - 14,4 пайызга же 673 терминалга көбөйгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 20,8 пайызга же 185 банкоматка, ал эми терминалдардын саны - 36,0 пайызга же 1 417 терминалга өскөн).

13-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




14-график. Системалар боюнча терминалдардын саны




*<u>Банктык төлөм карттарын колдонуу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы</u>*

2015-жылдын 2-чейреги ичинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **24 591,4 млн сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 21,0 пайызга жогорулаган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 32,0 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга 23 678,0 млн сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,3 пайызын ээлеген. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 20,9 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 32,7 пайызга көбөйгөн. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 913,3 млн сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардан 3,7 пайыз). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 25,8 пайызга көбөйгөн болсо, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 16,0 пайызга көбөйгөн. Төлөм карттарынын негизги бөлүгү "эмгек акы долбоорун" ишке киргизүүнүн алкагында эмитирленген.

2015-жылдын 2-чейрегинде картты пайдалануу менен **4,9 млн ашуун транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялардын саны 13,3 пайызга көбөйүү менен өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 32,2 пайызга жогорулаган.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшүн акча каражаттарын нак акчага айландыруу – 4 510,4 миң транзакция түзгөн, бул бардык операциялардын жалпы санына карата 90,7 пайызын ээлеген. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын саны 14,8 пайызга жогорулаган, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 30,8 пайызга көбөйгөн.

Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 463,1 миң транзакцияны түзгөн (бул, ишке ашырылган бардык операциялардын 9,3 пайызы). Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын саны 0,9 пайызга көбөйгөн болсо, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 47,7 пайызга көбөйгөн.

- **Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар көбүнчө чек ара аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.


2015-жылдын 2-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча ишке ашырылган. Ушул эле жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 243,0 млрд сомду (бул көрсөткүч 2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 6,8 пайызга, 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,1 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 258,8 млрд сомду түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 8,0 пайызга көбөйүп, 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 3,9 пайызга азайган).

- **Акча которуулар**


2015-жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 31,3 млрд сом жалпы суммасында 1 477 364 түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 55,0 жана 21,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 8,0 пайызга жана 15,7 пайызга азайган). Чыгыш которуулардын саны жалпы 7,4 млрд сом суммасында 106 442 түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 1,7 пайызга жана 6,1 пайызга, ал эми 2014-жылдын 2-чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 0,1 пайызга жана 3,4 пайызга көбөйгөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча олуттуу салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында жалпы көлөмдүн 46,4 пайызын кириш которуулар, ал эми 61,3 пайызын чыгыш которуулар ээлеген.

**15-график. 2015-жылдын 2-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**16-график. 2015-жылдын 2-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.


### *1) АКШ долларында акча которуулар*

2015-жылдын 2-чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 152,0 млн АКШ доллар суммасында 178 293 түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 65,7 жана 28,9 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 13,9 пайызга азаюу жана 5,3 пайызга көбөйгөн). Чыгыш которуулардын саны 62,8 млн АКШ доллары суммасында 42 601,0 түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша көбөйүү 10,2 пайызды жана 18,3 пайызды түзгөн; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 21,1 пайызга жана 3,7 пайызга азайган).

**17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)**




**18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)**




### *2) Евро валютасында акча которуулар*

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча жалпы 2,1 млн евро суммасында 5 385 кириш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 10,3 пайызга жана 10,8 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 16,1 пайызга жана 30,5 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 1,8 млн евро жалпы суммасында 949 түзгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 32,9 пайызга жана 15,5 пайызга; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 41,1 пайызга жана 27,4 пайызга көбөйүү байкалган).

### *3) Орус рублинде акча которуулар*

2015-жылдын 2-чейрегинин жыйынтыгы боюнча 19,2 млрд орус рубли суммасында 1 268 806 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 50,8 жана 19,9 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 20,2 пайызга көбөйүү жана 19,3 пайызга азаюу байкалган). Мындан тышкары 3,0 млрд орус рубли суммасында 62 484 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 5,1 жана 1,0 пайызга азаюу белгиленген; ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 39,3 жана 8,5 пайызга көбөйгөн).

### *4) Казак теңгесинде акча которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 146,2 млн теңге суммасында 3 761 кириш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 20,8 жана 18,0 пайызга көбөйгөн; ал эми өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 38,0 жана 34,4 пайызга азайган). Чыгыш которуулар 26,8 млн теңге суммасында 398 төлөм жүргүзүлгөн (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 11,3 пайызга азайган жана 9,3 пайызга көбөйгөн; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 24,9 пайызга азайып, 5,3 пайызга көбөйгөн).

### *5) Сом түрүндө акча которуулар*

2015-жылдын 2-чейреги ичинде 238,8 млн сом суммасында 21 119 кириш которуулар ишке ашырылган (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 146,9 жана 65,2 пайызга жогорулаган; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуу тиешелүүлүгүнө жараша 14,7 эсе же 222,6 млн сомго жана 11,1 эсе же 19 219 көбөйгөндүгү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 10 түзүп, 0,2 млн сом суммасында катталган (2015-жылдын 1-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 34,3 пайызга же 99,6 миң сомго жана 33,3 пайызга же 5 которууга азайган; ал эми 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 41,6 пайызга же 135,5 миң сомго жана 33,3 пайызга же болбосо 5 которууга азайган). 2014-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөргө салыштырганда 2015-жылдын 2-чейреги ичинде кыргыз

сомунда кириш которуулардын кескин түрдө көбөйүшү, негизинен акча которууларды алуучунун карты катары банктык продукттунун колдонуунун артышына байланыштуу болгон, ал боюнча банктын кардарлары банкоматтар жана POS-терминалдар аркылуу жөнөтүлгөн акча каражаттарды нак акчага айландыра алат.